3. Дейнека.А. Учитесь рисовать. М.,1961,с.68.

**Рецензент:д.п.н., профессор Калдыбаева А.Т.**

УДК:372.87

**Ирсалиева Н. А.**

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Көркөм маданият жана билим берүү факультетинин «Көркөм өнөр жана дизайн» кафедрасынын ага окутуучусу

## ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕГИ ЭЛДИК КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮКТҮН ТҮРЛӨРҮН ӨРКҮНДӨТҮҮДӨГҮ ОКУТУУНУН АКТИВДҮҮ МЕТОДДОРУ

*Макалада окутуунун методдору, окутуу процессинде активдүү методдорду колдонуп, байыркы замандан бери келе жаткан элдик кол өнөрчүлүктүтүн бир түрү болгон кийизди иштетүү менен студенттердин чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүп, улуттук маданиятыбыздагы элдик чеберлердин иштерин сыйлоого, эмгекти сүйүүгө, алардын ишин улантууга тарбиялап, келечектеги жаш адис мугалимдерге кесиптик билим берүү каралган.*

**Түйүндүү сөздөр:** *Билим берүү, окутуунун методдору, билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, элдик кол өнөрчүлүктүн чыгармалары, кийизди иштетүү, чыгармачылык иш.*

**Ирсалиева Н. А.**

Старший преподаватель кафедры: «ИЗО и дизайна» Факультета Художественной культуры и образования Кыргызского Государственного Уиверситета им. И.Арабаева

## АКТИВНЫЕ МЕТОДЫ НАРОДНОГО ХУДОЖЕСТВЕННОГО ПРОМЫСЛА В РАЗВИТИИ И ОБУЧЕНИИ

*В этой статье рассматривается методы обучения, использование активные методы учебного процесса, также как один из видов древнего ремесла обработка войлока как совершенствования творческих способностей студентов, уважение труда народных мастериц национальной культуры, любовь к труду, воспитание продолжение их деятельности, дать профессиональное образование будущим молодым учителям.*

**Ключевые слова:** *образование, методы обучения, повышение качества образования, произведение народного промысла, обработка войлока, творческие работы.*

**N.A. Irsalieva**

Senior lecturer of the department: "Fine Arts and Design" of the Faculty of Art Culture and Education of the Kyrgyz State University named after A.Sh. I.Arabayeva

## ACTIVE METHODS OF FOLK ART CRAFTS IN DEVELOPMENT AND TRAINING

*This article explores the methods of teaching, the use of active methods of the educational process, as well as one of the types of ancient handicrafts processing felt as improving the creative abilities of students, respecting the work of folk craftsmen of the national culture, the love of labor, the upbringing of their activities, providing vocational education for future young teachers.*

**Keywords:** *education, teaching methods, improving the quality of education, craftwork, felt processing, creative work.*

Инсанды окутуп тарбиялоодо мугалим өз кесибинин адиси болууга тийиш. Мугалим ошол мезгилдин агымына жараша студенттердин ар түрдүү ыкмалар менен окууга бологон жөндөмүн кызыгуусун арттырып, андан ары билимин өркүндөтүүгө жоопкерчиликти алат. Өз кесибинин тармагында окутуунун жаңы методдорун, формаларын, жыңы идеяларды ойлоп таап, аны тынымсыз өркүндөтүп туруу зарыл. Заманбап педагогдун өзгөчөлүгү мына ушунда. Ошондуктан мугалимдер сабакка болгон кызыгууну, студенттердин активдүү билим алуусу үчүн изденип, улам жаны пайда болгон технологиялар боюнча маалымат алып, окутуу процессин жакшыртып, түрдүү ыкмаларды пайдалануу керек.

Студенттер теориялык билимдерди терең түшүнгөнгө чейин эч кандай көнүүгүлөрдү, иш аракеттерди жасай албоосу маалым. Алар эң алгач кандайдыр бир билген билимине таянып, ошол билимдин негизинде бир нерсе аткаруу, өздөштүрүлгөн билимдерди практикада колдонуу аркылуу билгичтик көндүмдөргө ээ болот. Ошондуктар ар бир мугалим окуу ишмердүүлүгүн ишке ашырууда студенттердин билгичтиктерин калыптандырусу зарыл. Антпесе сабактын негизги максаты болгон жаңы билимдерди өздөштүрүү студенттер үчүн да кыйынчылыктарды туудурат.

Студенттердин активдүүлүгү жана алардын окууга болгон кызыгуусу өзүнөн өзү эле пайда болбойт. Ал мугалим демилге берип, ар кандай ыкмаларды чыгармачылык менен пайдаланып, ошондой эле мугалим тарабынан ар кандай табылгалар менен кошумчалап, чеберчилигин көрсөтсө гана натыйжа берет. Ошондо гана студенттердин чыгармачылык жактан өнүгүп, алардын ойлоп табуусун өстүрүп, изилдөөчүлүк сапаттарын жогорулатат.

Окутуу процессин жакшыртууда бир нече активдүү методдор менен ишке ашырылат. Билим берүүдө төмөнкү активдүү методдорду белгилесек болот. Мисалы: түшүндүрмө, көрсөтмөлүүлүк, дидактикалык, репродиктивдүү, өтүлгөн материалдардын кыйынчылыгын изилдөө ж.б. методдор.

Бул методдордун ичинен текстил материалдарынын бири кийиз менен иштөө изилдөө методу каралды.

«Кийиз – байыркы зат, ал кыргыздар баштаган көчмөндөрдүн жашоо – турмушунан улам дүйнөлүк маданиятка кирген»[1]. Анын табыгый тегин кыргыздын кол өнөрчү устаттары кылымдар бою изилдеп, өнүктүрүп келишкен. Мындан улам кийизди иштетүү технологиясы жана өндүрүү ыкмасы көп түрдүү жана анын жаңы мүнкүнчүлүктөрү барган сайын кеңейүүдө. Кийиз өзүнүн уникалдуу касиетинен улам дүйнөдөгү уздардын жана сүрөтчүлөрдүн чыгармачылыгында сүйүктүү материал болуп саналат. Ошондой эле кийиздин уникалдуулугу эмгектердин ар түрдүүлүгүнөн байкаса болот.

XXI кылым техниканын кылымы деп айтылып келгени бекеринен эмес. Акыркы 10 - 15 жыл ичинде коомдогу техниканын өнүүгүүсү өтө тездик менен алга жылганы сезилип турат. Техниканын ролу жогорку деңгээлде десек жаңылышпайбыз. Мына ошондуктан кол менен аткарылуучу жумуштардын дээрилик көпчүлүгү техниканын жардамы менен иштөөдө. Биздин жашоо турмушубуздагы керектелүүчү техникаларды адам баласы ойлоп таап жасап жатат. Бул биринчиден убакытты үнөмдөсө, экинчиден каражат жагы үнөмдөлөт. Инсандын ойлоп тапкычтыгы, изденүүсү жыл сайын өсүп өнүгүүдө.

Кийиз илгертеден келе жаткан искусство ал кайрадан жаңыланып иштелип келүүдө. Бүгүнкү күндө сүрөтчүлөр кийиз менен иштеген жаңы нерселерди ойлоп табууда. Мисалы: кийизден жасалган аксесуарлар, кийиз картиналар, сувенирлер, кийизден жасалган ар кандай кийимдер мода катары кирүүдө.

Кийиз менен көркөм эстетикалык талаптарга ылайык ар түрдүү композицияларды иштөөгө болот. Албетте кийизди иштетүү техникасын үйрөнгөндөн кийин. Кийиз иштетүү окуу менен кийинки белгилүү тапшырмаларды аткарууга болот:

- Кийизди иштетүүнүн өнүгүү тарыхы, традициялык жана азыркы убактагы өнүгүү этаптары;
- Кийизди иштетүүнүн технологиялары менен таанышуу;
- Кийизди иштерүүдөгү ар кандай инструменттерди колдоно билүү;
- Көркөм билим берүүдө кийизди иштетүү менен чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүү;
- Улуттук маданияттагы элдик чеберлердин иштерин сыйлоого, тарбиялоого, эмгекти сүйүүгө, алардын ишин улантууга тарбиялоо.

Кийиз менен иштөө экиге бөлүнөт. Кургак жана суулап иштөө. Кургак иштөөдө жүндү коюуп атайын ийне менен бир нече жолу сайгылап киргизишет. Муну менен өз ара бири - бири менен биригип бир материалга айланат.

Ал эми суулап иштөөдө сууга самындын аралашмасы же атайын аралаштырманын негизинде жүргүзүлөт. Биринчи кийизди суулап алуу менен иштөө процесси башталат. Кургак иштөө менен көлөмдүү иштерди аткарса болот. Мисалы: ойунчуктарды, ар түрдүү фигураларды, куурчактарды ж.б. жасасак ал эми суулап иштөөдө ар түрдүү панолорду, кийимдерди башкача айтканда жалпак нерселерди жасоого болот. Кургак иштөөдө атайын ийне керектелет аны менен жүндү сайып киргизгенде ал бири бири менен байланышып калат. Бул эки бөлүктө тең жасалуучу буюмдун көлөмүнө жараша ар кандай өлчөмдөгү материалдар сарпталат.

«Практикалык иште карандаш менен иштөө, ийне менен иштөөдө биринчи кезекте көнүгүү иштерин жазаш керек»[2]. Көнүгүүлөрдүн жыйынтыгында колдонулуучу каражаттар менен иштегенди үйрөнүшөт бул – өтө узак убакытка созулган процесс, андан кийин кол жеңил жана ийкемдүү кетип жөнөкөй иштерди аткара башташат. Студенттер башында иштөө каражаттары менен иштей албай кыйналышат, ийнени түз кармай албай, өзүнүн кыймыл аракетин башкара алышпайт. Кийизди иштетүү анча чоң эмес группа менен же жекече аткарылат бул – элдик салтты өркүндөтүүнүн бир түрү болуп эсептелет. Кийизди иштетүүдө теориялык алган билимин практика жүзүндө ишке ашырышат. Ушул этабдардын баардыгын өткөндөн кийин гана чечкиндүү түрдө чыгармачылык менен иш жасай алышат.

Практикалык иштердин жыйынтыгын чыгаруу менен студенттер жасалган ишти анализдешет, муну менен ишти терең түшүнүүгө, иштин жакшы жана жетишпей калган жактарын, өз ойун кенен билдирише алат. Мунун жыйынтыгынын негизинде студенттер чыгармачылык иш жасоодо аз кемчиликтерди кетирип, айтылган кемчиликтерди кайталабоого аракеттенишет.

«Окутуу процессиндеги мугалимдин максаты байыркы замандан бери келе жаткан элдик кол өнөрчүлүктүн тарыхын окутуп, алардын методдорун үйрөтүү, кол өнөрчүлүктүн негизги мазмуунун, ал ар бир үйгө керектүү кесип экенин түшүндүрүп, колунан көөрү төгүлгөн узадардан эмгектерин улантууга жол ачып берүүгө аракет жасайт»[2]. Студентин

кайсыл өнөргө кызыгаарын (жыгач, кайыш, кийиз, ж.б.) талдап, аларды ошол өнөргө болгон кызыгуусун арттырып көмөк көрсөтөт. Биз сыймыктанчу, биз иченүүчү муундар өсүп келе жатканын көрүп, ишеничибиз ого бетер артканы анык. Канчалык балдар бош убактысын текке кетирбей, пайдалуу иштерге жумшап, өнөрүн өркүндөтсө, билим берүү текке кеткен жоктугуна ынанса болот.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Акматалиев А.С.Кыргыздардын кол өнөрчүлүгү. Б.,1996.
2. Кругликов Г. И. Методика профессиоального обучения с практикум. М.,2008.
3. С. В. Иванов, К. И. Антипина Народное декоративно - прикладное искусство киргизов М.: Наука 1968
4. Чошанов М. Гипкая технология проблемно-модульного обучения. А.М.,1996.
5. Салиева А. А.История Кыргызского искусства. Ф.,Илим, 1971.
6. . Эрганова Н. Е. Методика профессионального обучения.М., 2013.

**Рецензент:д.п.н., профессор Калдыбаева А.Т.**

УДК: 78.071.4:78.06

**Кадырова О. Ж.**

. И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Көркөм маданият жана билим берүү факультетинин «Музыка» кафедрасынын ага окутуучусу

## МУЗЫКА САБАГЫНЫН МУГАЛИМДЕРИН АДИСТИККЕ ДАЯРДООДОГУ АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕР

*Музыка-рухий маданияттын эң чоң катмары жана эстетикалык тарбиянын негизги каражаттарынын бири. Музыкалык билим берүү инсандын мыкты сапаттарын тарбиялайт. Өзгөчө башталгыч класстын окуучуларына эстетикалык табитинин өсүшүнө бирден бир таасир кылган нерсе музыка деп эсептелинет. Ошондуктан өспүрүмдөрдүн музыкалык маданиятын көтөрүүгө ыңгайлуу шарттардын түзүлүшү абзел. Окуучуларга музыкалык чыгармаларды уктуруу менен музыкалык ой жүгүртүүсүн өстүрүү жана өз ойлорун эркин сүрөттөп берүүсү менен бирге музыканын көңүлдүү, шаңдуу же кайгылуу экендигин ажырата билүүгө жардам берүү мугалимдин милдети болуп эсептелинет.*

**Түйүндүү сөздөр:** *Музыкалык билим берүү, чыгармаларды уктуруу, музыкалык ой жүгүртүү, шаңдуу, кайгылуу, мугалимдин милдети.*

**Кадырова О. Ж.**

Старший преподователь кафедры “Музыки” факультета Художественной культуры и образования Кыргызского Государственного Университета им. И. Арабаева

## О НЕКОТОРЫХ ПРОБЛЕМАХ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЙ ПОДГОТОВКИ УЧИТЕЛЕЙ МУЗЫКИ

*Основополагающим фактором, который определяет эффективность музыкального воспитания младших школьников, успешность приобщения детей к музыке, их духовно-эстетического и нравственного развития является формирование навыков музыкального*